**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары жана**
**медициналык буюмдар департаментинин**
**директорунун орун басары**
**Кысанов Т.А. ________________**
**«__11__» ______июнь______________2024-ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## ГЕРБИОН® ЧЫРМООК СИРОБУ

Чырмоок жалбырактарынын кургак экстракты

*Какырууну жакшыртуу үчүн*

**Соодадагы аталышы**

Гербион® чырмоок сиробу (Herbion ivy syrup)

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**

Чырмоок жалбырактарынын экстракты

**Дарынын түрү**

Сироп

**Курамы**

1 мл сироп төмөнкүлөрдү камтыйт:

*Активдүү зат:* чырмоок жалбырактарынын кургак экстракты 30% м/м (5-7,5:1)[1] - 7 мг.

*Көмөкчү заттар:* суюк сорбитол (кристаллдашпаган) (E420), глицерин (E422), натрий бензоаты (E211), лимон кислотасынын моногидраты (E330), жыпар жыттуу бальзам (бальзамдын курамында бар: пропиленгликоль, этанол, цитронелл майы, Litsea cubeba цитраль экс., лимон майы жана кориандр майы), тазартылган суу.

[1] Өсүмдүктөн жасалган субстанция \ экстракт = 5 – 7,5:1. Экстрагент: этанол 30% (м/м). Башка көмөкчү заттар: 0%.

**Сүрөттөмөсү**

Саргыч-күрөң түстөгү өзгөчө жыты жана даамы бар сироп.

Табигый түрдөгү заттар үчүн мүнөздүү тунманын болушуна жол берилет.

**Фармадарылык тобу**

Сасык тумоонун жана жөтөлдүн симптомдорун жок кылуу үчүн препараттар. Какырык чыгаруучу препараттар. Чырмоок жалбырактарынын экстракты.

АТХ коду: R05CA12

**Фармакологиялык касиеттери**

Гербион® чырмоок сиробунун курамында муколитикалык жана бронхоспазмолитикалык каражат катары таасир берген кадимки чырмооктун жалбырактарынын экстракты камтылган. Препарат какырыктын илээшкектигин төмөндөтүүгө шарт түзөт, какырууну жеңилдетет жана жөтөлдү тынчтандырат.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Гербион® чырмоок сиробу нымдуу жөтөлдө какырык чыгаруучу каражат катары колдонулат.

**Колдонуу жолу жана дозалоо**

*Чоңдор жана 12 жаштан улуу өспүрүмдөр:* 5-7,5 мл сироп күнүнө 3 жолу (суткасына 105-157,5 мг чырмоок жалбырактарынын кургак экстрактына туура келет).

*4төн 12 жашка чейинки балдар*: 5 мл сироп күнүнө 3 жолу (суткасына 105 мг чырмоок жалбырактарынын кургак экстрактына туура келет).

*2ден 4 жашка чейинки балдар*: 2,5 мл сироп күнүнө 3 жолу (суткасына 52,5 мг чырмоок жалбырактарынын кургак экстрактына туура келет).

Гербион® чырмоок сиробу тамактануудан көз карандысыз кабыл алынат. Жетиштүү өлчөмдөгү жылуу суу же чай менен кабыл алуу сунушталат.

Эгер сиропту кабыл алып баштагандан кийин бир жума аралыгында симптомдору сакталса, анда дарыгер менен кеңешүү керек.

**Каршы көрсөтмөлөр**

Активдүү субстанцияга, аралия түркүмүндөгү (чырмоок) башка өсүмдүктөргө же көмөкчү заттардын бирине жогорку жеке сезгичтик.

Респиратордук симптомдордун күчөп кетүү коркунучунан улам 2 жашка чейинки балдарга каршы көрсөтүлгөн.

**Жагымсыз реакциялар**

Бардык дары каражаттары сыяктуу эле Гербион® чырмоок сиробу айрым учурларда кыйыр таасирлерди пайда кылышы мүмкүн.

Тез-тез (≥1\100 дөн <1/10 чейин):

- ашказан-ичеги реакциялары (көңүл айлануу, кусуу, ич өтүү).

Көп эмес (≥1\1000 ден <1/100 чейин):

- аллергиялык реакциялар (бөрү жатыш, тери исиркеги, дем алуунун кыйындашы, анафилактикалык реакция түрүндө көрүнөт).

Аллергиялык реакциялар пайда болгон учурда препаратты кабыл алууну токтотуу жана дарыгер менен кеңешүү керек.

Кошумча баракчада эскертилбеген кыйыр реакциялар пайда болгон учурда, сураныч, алар тууралуу дарыгерге билдириңиз.

**Колдонуу боюнча өзгөчө көрсөтмөлөр жана алдын алуучу сактык чаралар**

Эгер оорулуунун абалы 7 күн дарылоодон кийин жакшырбаса, же дем алуу кыйындаса, ириңдүү какырык пайда болсо же дене табы көтөрүлсө, дарыгерге кайрылуу керек.

Адис менен алдын ала кеңешүүсүз кодеин же декстрометорфан өңдүү жөтөлгө каршы каражаттар менен биргеликте колдонуу сунушталбайт.
Курчуу баскычындагы ашказан-ичеги жолдорунун оорулары бар бейтаптар этияттыкты сакташы керек.
*Препараттын айрым ингредиенттери жөнүндө маанилүү маалымат*
Гербион® чырмоок сиробунун курамында сорбитол (E420) бар. Фруктозаны көтөрө албастык сейрек кездешүүчү тукум куучу бузулуулары бар бейтаптарга бул препаратты кабыл алууга болбойт.
Препараттын курамында бир аз өлчөмдө этанол (спирт) бар – бир дозада 100 мгдан аз.

***Кош бойлуулук жана бала эмизген мезгилде колдонуу***
Кош бойлуулук жана бала эмизген мезгилде колдонуунун коопсуздугу аныкталган эмес. Коопсуздугу боюнча жетиштүү маалыматтар жок болгондугуна байланыштуу кош бойлуулук жана бала эмизген мезгилде колдонуу сунушталбайт.
Фертилдүүлүк тууралуу маалыматтар жок.

***Унаа каражаттарын, механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө тийгизген таасири***
Препараттын автомобилди жана башка механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө тийгизген таасири жөнүндө маалымдалган эмес.

**Башка дары препараттар менен өз ара таасири**
Кабыл алууну баштоо алдында дарыгерге сиз кандайдыр бир башка дары каражаттарын ичип жатканыңызды же жакында ичкениңизди билдиришиңиз керек.
Башка дары каражаттары жана тамак-аш азыктары менен өз ара таасири жөнүндө маалыматтар жок.

**Ашыкча доза**
Сунушталгандан ашык дозаны колдонууга болбойт.
*Симптомдору:* суткалык дозадан эки эседен ашкан дозаны кабыл алууда көңүл айлануу, кусуу, ич өтүү, дүүлүккөн абал болушу мүмкүн.
*Дарылоо:*симптомдоруна жараша.
Өткөрүп жиберген дозаны компенсациялоо үчүн сироптун эки дозасын кабыл алууга болбойт.

**Жарактуулук мөөнөтү**
2 жыл.
Сиропту флаконду биринчи ачкандан кийин 3 ай аралыгында пайдалануу керек.
Препаратты жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.

**Сактоо шарттары**
30 °Сдан жогору эмес аба табында сактоо керек.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Чыгаруу формасы жана таңгакчасы**
Сироп.

150 мл сироп биринчи жолу ачылганын контролдогучу бар пластик капкагы менен күңүрт айнектен жасалган флакондо. 1 флакон дозалоочу пластик кашык жана колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон кутучага салынат.

**Берүү шарттары**

Рецепти жок берилет.

**Өндүрүүчү**

КРКА, д.д., Ново место, Шмарьешка цеста 6, 8501 Ново место, Словения

**Кыргыз Республикасынын аймагында дары каражаттарынын сапаты боюнча арыз-доолорду (сунуштарды) кабыл алуучу уюмдун аталышы жана дареги:**

КРКАнын өкүлчүлүгүнүн кеңсеси д.д., Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.,
Телефону: +(996) 312 662 250
Электрондук почтасы: pharmacovigilance.KG@krka.biz